**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ**
**САЙДЫКУМ**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**САЙДЫКУМСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**Сайдыкум айылдык кеңештин IX чакырылышынын кезектеги XVI сессиясы**
**№6**

**03-август 2026-жыл** **Кызыл-Ай айылы**

## Сайдыкум айыл аймагындагы №14 “Ромашка” мектепке чейинки билим берүү уюмуна кошумча 25 орундуу 1 тайпа ачуу жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2010-жылдын 12-октябрындагы №435 “2026-жылга чейин Кыргыз Республикасынын өнүктүрүүнүн улуттук программасы жөнүндө” Жарлыгы менен бекитилген 2026-жылга чейин Кыргыз Республикасынын өнүктүрүүнүн улуттук программасын ишке ашыруунун алкагында балдарды мектепке чейинки билим берүүнү камтууну жогорулатуу максатында, Сайдыкум айыл аймагынын Жаңы-Абад айылындагы №14 “Ромашка” мектепке чейинки билим берүү уюмунун директору Г. Жусубалиеванын билдирүүсүнө негиз, кезекте турган балдардын саны көп болгондуктан, №14 “Ромашка” мектепке чейинки билим берүү уюмуна кошумча 25 орундуу 1 тайпа ачуу жөнүндө маселесин угуп жана талкуулап, Сайдыкум айылдык кеңешинин IX чакырылышынын кезектеги XVI сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Сайдыкум айыл аймагынын Жаңы-Абад айылындагы №14 “Ромашка” мектепке чейинки билим берүү уюмуна, кезекте турган балдардын саны көп болгондуктан, №14 “Ромашка” мектепке чейинки билим берүү уюмуна кошумча 25 орундуу 1 тайпа ачууга уруксат берилсин.

2. №14 “Ромашка” мектепке чейинки билим берүү уюмуна кошумча 25 орундуу 1 тайпа ачууга талапка жооп бере турган жагын карап чыгып, керектүү иш кагаздарын толуктоо жагы, Сайдыкум айыл өкмөтүнө милдеттендирилсин.

3. Токтомдун аткарылышын Сайдыкум айыл өкмөтүнүн башчысы К.Д. Матисаковго милдеттендирилсин.

4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Сайдыкум айыл аймагынын айылдык кеңешинин билим берүү, саламаттыкты сактоо, маданият жана экология, өзгөчө кырдаал, спорт жана жаштар боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Б.А. Анарбаев**